**УДК 373.2.**

***Шабдан кызы Ж., Аман кызы Б.***
*Шабдан кызы Жыпариза – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*
*Аман кызы Бакытгүл – п.и.к., доцент, С. Нааматов атындагы НМУ*

# ӨСПҮРҮМДӨРДҮ ИНСАНДЫК ЖАКТАН КАЛЫПТАНДЫРУУДА ПЕДАГОГДУН КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮ

# КОМПЕТЕНЦИЯ ПЕДАГОГА В ФОРМИРОВАНИИ ЛИЧНОСТИ ПОДРОСТКОВ

# THE TEACHER IS COMPETENT IN PERSONALITY FORMATION OF TEENAGERS

***Аннотация:*** *Макалада инсанды калыптандыруу жана өнүктүрүү ишмердүүлүгүндө педагогдук чеберчиликтин сырлары туурасында сөз болот. Илимий педагогикалык эмгектердеги улуу окумуштуу-педагогдордун баалуу пикирлерине саресеп салынды.*

***Аннотация****: В статье рассмотрены методология педагогического мастерства в деятельности формирования и развития личности. Обобщены ценные мнения великих ученыхпедагогов в научно-педагогических трудах.*

***Summary:*** *The article discusses the methodology of pedagogical excellence in the activities of personality formation and development. The valuable opinions of great scientists and teachers in scientific and pedagogical works are summarized.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *инсандык өнүгүү, тарбиялоо процесси, окутуу системасы, ишмердүүлүк*

***Ключевые слова:*** *развитие личности, образовательный процесс, система обучения, деятельность*

***Key words:*** *personality development, educational process, training system, activities*

Педагогикалык ишмердүүлүк – коомдук ишмердүүлүктүн өзгөчө түрү болуп эсептелет. Узак убакыттар бою топтолгон улуу муундардан жаштарга өткөрүп берүүгө багытталган адамзаттын маданияты жана тажрыйбасы. Алардын жеке турмушуна шарттарды түзүү, аларды иштеп чыгуу жана белгилүү бир коомдук ролдорду аткаруу үчүн даярдоо болуп эсептелет.

Грузин элинин улуу педагог –окумуштуусу Ш.А.Амонашвили: “Трагедиянын негизи - билим берүү. Мугалим азыркы учур менен жашайт, бирок келечекти курат. Бул кыйын”- деген баалуу пикирин өзүнүн көп жылдык тарбиялоо процессине арнаган ишмердүүлүгүндө билдирген. Өз убагында муну түшүнгөн устат мугалимдер ар дайым балдардын муктаждыктарына негизделген иш-чараларды өздөрүнүн логикасы аркылуу куруп келишкен. Ш.Амонашвили өзүнүн иш-аракеттерин баланын кабыл алуу программасына жакындатууга умтулган.

Адистер (А.Г. Бермус, Е.В. Бондаревская, И. А. Зимняя, В. В. Сериков, В.А. Сластенин, А.В. Хуторской ж.б.) педагогдун компетенттүүлүгү инсандын комплекстүү мүнөздөмөсү болуп эсептелет деген пикирди карманышкан эмгектерин жазышкан. Болочок педагогдордун кесиптик-инсандык калыптануусу үчүн заманбап мугалимди мүнөздөөчү кесиптик жана жеке сапаттардын комплекси багыт катары кызмат кыла тургандыгын карманышат.

Ал эми инсанды калыптандырууда психология илимине кайрылып, андагы аспектилер менен бирге педагогика илиминдеги окутууну усулдарын да таасирдүү

каражаттардын уюткусу катары карайбыз. Бүгүнкү күндө салттуу усулдар менен бирге интерактивдүү усулдарды да кеңири колдонуу окутуунун жемиштүүлүгүнө багыт берүү болмокчу. Окутуунун интерактивдүү усулдарына көңүл бурмакчыбыз. Интерактив бул сөз англис тилинен которгондо өз ара аракетте болуу деген маанини түшүндүрөт. Бул ыкма менен окуутуда топтордун же түгөйлөрдүн биргелешип иштөөсү жакшы жыйынтык берет

Алгач, мугалимдердин компетентүүлүгү же иш билгилиги деген эмне? Кандай мугалимди ишбилги дей алабыз? Алардын мугалимдик кесипке компетенттүүлүгү кантип аныкталат? Ушул сыякткк суроолорго жооп издөө аркылуу андан ары ишибизди улантууга болот.

Ал багыттар деп төмөнкүлөрдү эсептөөгө болот:

1. Педагогикалык кесиптик ишбилгилик
2. Окутуу-үйрөтүү процессин уюштура билгичтик
3. Инсандык психологияга аяр мамиле жасай билгичтик
4. Билим деңгээлинин жетиштүүлүгү, тармактык билимдин бекемдиги
5. Мугалимдик кесипке берилгендик, педагогдук ишмердүүлүктү аркалоо
6. Окуу программалары боюнча түшүнүк, кабардарлык деңгээли
7. Коммуникабелдүүлүк
8. Билимди, билгичтикти жана көндүмдү баалай алуу, баалоо критерийлерди билүү
9. Башка өзгөчөлүктөр (квалификацияны жогорулатуу, мыйзамдуулукту билүү ж.б.)

Бул учурда мугалимдин негизги ролу жана анын компетенттүүлүгү подгруппалардын жетекчилерин компетенттүү тандоодо жана милдеттердин чыгармачылык мүнөзүндө болмокчу. Ушул сыяктуу иштердин бир катар жүргүзүлүшүндө педагогдун кесиптик ишмердүүлүктөрүн байкоого болот. Азыркы коомдун социалдык-маданий өнүгүшү адамдын ички жана тышкы образын шайкеш келүүсүн талап кылат. Бул болсо инсандын жеке өсүү, өзүн-өзү сыйлоо деңгээлин жогорулатуу, баалуулукту өнүктүрүү өзү жана башкалар менен болгон мамилеси, эмоционалдык комфорттун пайда болушу жана жашоо сапатын жакшыртууга салым кошот.

Салт боюнча, окутуу жана тарбиялоо ишинин негизги түрлөрү болуп педагогикалык процессте комплекстүү ишмердүүлүктөрдү жүзөгө ашыруу болуп саналат.

Тарбиялык иш – бул багытталган билим берүү чөйрөсүндө уюштуруу жана ар кандай типтеги педагогикалык иштерди өнүктүрүү маселелерин чечүү үчүн окуучулардын инсандык иш-аракеттери камсыздоо болуп эсептелет.

Мугалимдик тарбиялоо ишинин бир түрү биринчи кезекте когнитивдик ишмердүүлүктү башкарууга багытталган мектеп окуучулары болуп саналат. Азыркы учурда мугалимдик кесип предметтик чөйрөнү, усулдарды, формаларды, окутуу технологияларын тынымсыз өркүндөтүүнү талап кылат. Азыркы педагогикалык кырдаал көп түрдүүлүк менен мүнөздөлөт жана мугалим окутуунун мазмунунда болуп жаткан өзгөрүүлөргө билгичтик менен көрө билүүсү керек. Мугалимдин профессионалдык өзүн-өзү өнүктүрүү процессинде анын жаңы, алдыңкы идеяларга даярдыгы өзгөчө роль ойнойт.

Педагогикалык процесс тарбияланып жаткан жаш муундарда белгилүү болгон аныкталган сапаттарды жана мүнөздөмөлөрдү калыптандырууга багытталган педагогдор менен тарбиялануучулардын ортосундагы өз ара аракеттенишүүсү. Педагогикалык процесстин жүрүшүндө социалдык тажрыйба инсандын касиеттерине айланат.

Ошондуктан, мугалимдердин алдында татаал жана ар тараптуу милдеттер турат. Аларда балага карата башталгыч жалпы билим берүүдөн баштап, анын ийгиликтүү

окуусуна же мектептен тышкаркы ишин камсыз кылуучу билимди жана көндүмдөрдү дайыма өз алдынча жаңыртууга үйрөтүү иштерин көзөмөлдө жоопкерчилиги камтылган.

Компетенттүүлүк – бул натыйжалуу жыйынтыктарга жетишүү үчүн ыңгайлуу жүрүштүрүш модели, алгоритм, кыймыл-аракеттерди ишке ашыруунун жолдору.

Компетенттүүлүк дидактикада педагогикалык ишмердүүлүктүн үзүрүн көрсөтүүнүн бир чен-өлчөмү катары кабыл алына баштады. Мурда билим алуучулук, билим берүүчүлүк мамиленин ордуна келген компетенттүүлүк окуу процессинде балдардын билим алуусу, алардын билим топтоосу менен гана чектелбейт, аларды колдоно билүүгө жетишүүсү менен байланышат. Азыр компетенттүүлүк көп өлкөлөрдө, мисалы, Орусияда жалпы мамлекеттик, федералдык стандарттарда борбордук, түйүндүү маселелердин бирине көтөрүлүп чыкты.

Компетенттүү мамиле кылуу – бул коом талап кылган билим берүү иш билгилигине ылайык таанып-билүүнүн жана аны ишке ашыруунун өзгөчө формасы. Бул мамиле орус педагог-дидактиктеринде (М.Н.Скаткин, И.Я.Лернер, В.В.Краевский, Г.П.Шедровицкий, В.В.Давыдов ж.б.) мурда эле көтөрүлүп келген.

«Педагогикалык компетенттүүлүк» түшүнүгү билимди, жөндөмдү, көндүмдөрдү, ошондой эле аларды иш-аракетте, баарлашууда жана инсанды өнүктүрүүдө (өзүн-өзү өнүктүрүүдө) ишке ашыруунун ыкмаларын жана ыкмаларын камтыйт. “Кесиптик компетенттүүлүк” түшүнүгүнүн эң негиздүү аныктамасын Т.Г. Браже бул «кесиптик компетенттүүлүк – мугалимдин билим жана көндүмдөрдүн тутумун, анын баалуулук багыттарын, иш-аракет мотивдерин, маданияттын интегралдык көрсөткүчтөрүн (сүйлөө, стили, баарлашуу, өзүнө жана өзүнүн ишмердүүлүгүнө мамилеси, жана ага байланыштуу) камтыган көп факторлуу кубулуш катары аныктаган.

Ал эми педагог В.И.Андреев мугалимдин кесиптик педагогикалык компетенциясына негизги түшүнүктөрдү киргизүүнү сунуштайт.

- ✓ Алар: билим берүү процессинин мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана дидактикалык принциптерин;
- ✓ билим берүүнүн заманбап теориялары жана технологиялары;
- ✓ окутууну уюштуруунун ар кандай формаларын даярдоого жана натыйжалуу өткөрүүгө талаптар;
- ✓ негизги билим берүү жана билим берүү системалары жана теориялары; ✓ окутуунун методологиясы жана методологиялык принциптери; ✓ педагогикалык изилдөөлөрдүн методдору.

Ушундан улам, бүгүнкү күндө ар бир адис – педагог белгилүү бир компетенцияларга ээ болушу керектигинен кабар берет.

Азыркы коом мугалимдин компетенттүүлүгүнө жаңы талаптарды коюп жатат. Ал төмөнкү багыттар боюнча ишти уюштуруу жана мазмуну маселелери боюнча компетенттүү болууга тийиш. Анда төмөнкү багыттар каралган: окутуу жана тарбиялык; окуу-методикалык; социалдык-педагогикалык.маселелер.

Мугалимдин профессионалдык компетенттүүлүгү - мугалимдин кесиптик иш-аракет шарттарында кесиптик көйгөйлөрдү жана милдеттерди чече алуу жөндөмдүүлүгүнө ээ болуусу. Бул иштин эффективдүүлүгүн жана натыйжалуулугун аныктаган билим менен көндүмдөрдүн жыйындысынан байкоого болот. Бул жеке жана кесиптик сапаттардын айкалышы катары каралып келет. Педагогикалык ишмердүүлүктүн субъектиси болуу менен мугалим окуу процессин, анын тарбиялык жана өнүктүрүү мүнөзүн башкарат жана жооп берет.

Белгилүү педагог К.Д. Ушинский инсандык жактан калыптандыруунун маңызын баланын эрте социалдык адаптациясынын зарылдыгы деп эсептеген, анткени эрте куракта калыптанган сапаттар эң туруктуу, маанилүү жана аны инсан катары андан ары өнүктүрүү процессинде коштоп жүрөт деген ойлорду айтышкан. Ошондой эле мектепке чейинки балдардын инсандык жактан калыптандыруусуна ар тараптуу таасирлер жана алардын маңызы жөнүндө ата мекендик алдыңкы педагог-психолог окумуштуулар М.М.Безрукихтин, Л.А.Венгердин, Л.С.Выготскийдин, Д.Б. Элкониндин эмгектеринде чагылдырылган.

Инсан - адамдын социалдык маңызын, анын коомдук маанилүүлүгүн, анын ишмердүүлүгүн мүнөздөйт. Эгерде адам өзүнүн өнүгүүсүндө өз алдынча аң-сезимдүү ишмердүүлүккө ээ болуу менен бирге акыл-эстүүлүктүн аныкталган деңгээлине жетсе аны инсан деп эсептешет. Демек, адам инсан болуп төрөлбөйт, ал төрөлгөндө индивид катары кабыл алынат. Ар бир индивид өзүнө тиешелүү болгон өнүгүүгө ээ болуу менен гана аныкталган шарттарда инсанга айланат. Инсан болгондон кийин гана ал бир жагынан коомдук тажрыйбаны өзүнө кабыл алат, экинчи жагынан коомго өзүнүн таасирин тийгизет.

Тарыхта инсанды, анын ичинде мектеп жашына чейинки балдарды да, коом мүчөлүгүнө даярдоодо улуттук тажрыйбаларга таянуу маселеси, бардык педагогдор тарабынан колго алынган. Я.А.Коменский бул идеяны колдоо менен, мындай деп айткан: “оозеки чыгармалар элдин руханий дүйнөсүн, интеллектуалдык маданиятын өстүрүп-өнүктүрүүнүн пайдубалы. Нагыз элдик руханий асылдыктарга сугарылбаган инсан, өз элинин чыныгы атуулу боло албайт» - деген пикирин билдирген.

Демек, Я.А.Коменскийдин оюнан төмөнкүдөй тыянак чыгарууга болот: мектеп жашына чейинки балдарды социалдаштырууда, улуттук өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен коомго аралаштыруу жана анын ичиндеги улуттук баалуулуктарды, инсанды бир тепкичтен экинчи бир тепкичке көтөрүүдө таалим-тарбиялык маани - маңызы бар каражаттарды кошо сиңирүүгө тарбиялоо зарылдыгы бар экенин унутпоо керектигин айгинелейт.

Кыргыз педагогика илиминде да балдарды инсан катары калыптандыруу маселесин изилдөө, анын илимдеги өнүгүш тарыхына окумуштуулар да өз салымдарын кошуп келишкен.

Педагогика илиминин доктору, профессор Н.Асипова: өнүккөн өлкөлөрдүн тажрыйбасы көрсөткөндөй, чакан аймактагы инсандык, социалдык таалим - тарбия иштерин уюштуруу бүгүнкү күндөгү социалдык чаралардын негизги багытынан болуп бара жатат. Мындай педагогикалык топтогу адистер төмөнкү багыттагы иштерди алып барат:

- баланы тарбиялоодо эң биринчи үй-бүлөлүк шарттарды изилдөө;
- калк арасына педагогикалык жана психологиялык билимдерди жайылтуу;
- ата-энелер арасында үй - бүлөнүн кемчиликтерин жөнгө салуу боюнча кошумча жардам көрсөтүү;
- үлгүлүү үй–бүлөлөрдүн таалим -тарбия тажрыйбасын үйрөнүү керек - деп айткан.

Инсандын өнүгүүсү – бул такыр башка системаларда бири-бири менен өз ара аракеттене ала турган көптөгөн ишмердүүлүктүн өз ара аракеттенүү процесси деп айта алабыз. Ар кандай иш-аракеттин өзүнүн структурасы болот. Анткени инсандын өзүнүн структурасы бар жана ал беш потенциал менен мүнөздөлөт. Мисалы, көркөм дараметин көркөм экспрессиянын интенсивдүүлүгү жана муктаждыктары жана аларды кантип

канааттандыруу менен аныктоого болот. Таанып-билүүчүлүк потенциал адамдын кандай маалыматка ээ экендиги, анын сапаты жана көлөмү менен так аныкталат.

Жыйынтыктап айта турган болсок, адамдын өнүгүүсү абдан татаал, узак жана карамакаршы келген ар кандай ишмердүүлүктөргө бай келет. Андыктан ар бир педагог индивиддин инсанга айлануу процессин терең жана ар тараптуу өздөштүрүп ишмердүүлүгүн өнүктүрүп туруусу максатка ылайык деп эсептейбиз.

**Адабияттар:**


1. Асипова, Н.А. Социалдык тарбия. – Бишкек, 2004. – 178 б
2. Коменский, Я.А. Великая дидактика.– М.: Педагогика, 1989. – 383 с 3. Коменский Я.А. Избранные педагогические сочинения.- М.1982. – 576 с.

4. Мамбетакунов Э., Сияев Т. Педагогиканын негиздери. –Б.; 2008. 102-б 5. Ушинский, К.Д. Педагогические сочинения – М.: Педагогика, 1988. – Т. 1. – 416 с.